**Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясына**
Жогорку Кеңештин депутаттыгына
№30 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкер
**Бакасов Улан Болотбековичтин**
ыйгарым укуктуу өкүлү
**Дербишев Урмат Маликовичтен**
дарек: Бишкек шаары, Эркиндик көчөсү, 9 үй, 21-батир
[redacted]

# АРЫЗ

Мен, **Дербишев Урмат Маликович**, Жогорку Кеңештин депутаттыгына № 30 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкер **Бакасов Улан Болотбековичтин ыйгарым укуктуу өкүлү** катары, төмөнкүлөрдү маалымдайм.

Талапкер Бакасов Улан Болотбекович тууралуу "Facebook" социалдык тармагындагы "Нарын Лайф" жана "Maral Tursunbekova" аттуу баракчалары аркылуу талапкердин кадыр-баркына, аброюна жана ишмердүүлүгүнө шек келтирген, чындыкка дал келбеген маалыматтар узак убакыттан бери атайылап таркатылып келет.

Айрыкча, 2025-жылдын 22-ноябрында жарыяланган акыркы билдирүүлөрдө каралоо мүнөзүндөгү жалган жана терс мүнөздөгү маалыматтар жогорудагы баракчалар аркылуу атайылап коомчулукка таратылган. Бизде болгон маалыматтарга ылайык, бул баракчаларды [redacted] аттуу жараан жүргүзүп жатышы мүмкүн.

Таратылган билдирүүлөрдө төмөнкүдөй жалган маалыматтар камтылган:

1. Шайлоочуларды акча жана көмүр менен сатып алуу аракеттери тууралуу жалган айыптоолор;
2. Талапкердин ишмердүүлүгүн бурмалоо жана каралоо аракети;
3. Аброюна шек келтирген кемсинтүүчү пикирлер;
4. Талапкердин билими жана өмүр баяны тууралуу жалган маалыматтар;

Аталган аракеттер Кыргыз Республикасынын "Укук бузуулар жөнүндө" кодексинин төмөнкү беренелеринин бузулушуна алып келет:

- 66-берене – талапкер тууралуу атайылап жалган маалыматтарды таратуу;
- 67-берене – ММК аркылуу талапкердин кадыр-баркына зыян келтирүү;
- 109-3-берене – социалдык түйүндөрдө жалган маалымат таратуу.

Мындан сырткары, бул фактылар Кыргыз Республикасынын “Анык эмес (жалган) маалыматтан коргоо жөнүндө” Мыйзамынын талаптарын да бузат.

Жогорудагылардын негизинде, шайлоо мыйзамдарын бузгандыгы үчүн “Нарын Лайф” жана “Maral Tursunbekova” баракчаларын жүргүзгөн жарандарга карата административдик чара көрүп берүүнү суранам.

**Тиркеме:** “Нарын Лайф” жана “Maral Tursunbekova” баракчаларынан алынган посттордун скриншоттору – _____ баракта.

**Дербишев Урмат Маликович**
талапкер **Бакасов Улан Болотбековичтин**
ыйгарым укуктуу өкүлү